DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Көчкөнов А.*

## БОТОБАЙ ЫРЧЫ ЖАНА АНЫН ДООРУ

*Кочконов А.*

## БОТОБАЙ ЫРЧЫ И ЕГО ЭПОХА

*A. Kochkonov*

## BOTOBAI YRCHY AND HIS ERA

*УДК: 113 (043.03)*

*Кыргызстандын түштүк батыш чөлкөмүндөгү мезгилинде изилденбей калган Ботобай ырчынын чыгармачылыгын изилдөө бүгүнкү күндүн талабы. Ботобай ырчы өз доорунун белгилүү ырчысы эле эмес, ойчулу катары дагы белгилүү экендиги Кыргызстандын түштүгүндөгү ичкилик урууларынан чыккан не деген керемет таланттардын чыгармачылыгы мезгилинде изилдөө обьектисине алынбай, кумга сиңген суудай жок болуп кетүү коркунучуна туштуккан. Эл деген, эл экен өзүнүн ак таңдай таланттарынын чыгармаларын жанында сактап, ооздон-оозго көчүрүп бүгүнкү күнгө жеткирген. Ошондой элдин жүрөгүнө түнөк таап, көпчүлүктүн жанында турган элдик талант Ноокаттын Караташында өмүр кечирген Ботобай ырчы жөнүндө азыркы муун эмес мурунку муун жакшы билет, боюнча макалада баян болду.*

***Негизги сөздөр**: акын, айтыш, төкмө, чеберчилик, насаат, адамгерчилик, адеп.*

*Сегодняшняя потребность – изучить творчество певца Ботобая, которое не изучалось в юго-западном регионе Кыргызстана. Оглядываясь назад на память певцов, которые жили в сегодняшнюю космическую эру и несколько лет назад, неудивительно, что их песни все еще актуальны сегодня, когда они еще новички. Тот факт, что Ботобай известен не только как известный певец своего времени, но и как мыслитель, поставил под угрозу таланты алкогольных племен южного Кыргызстана, которые не были изучены в течение его карьеры люди, которые сохранили дела своих служебных талантов и передали их по сей день. В статье рассказывалось о певце Ботобай, который нашел место в сердцах людей и жил в Караташе, Ноокате.*

***Ключевые слова:** поэт, сказание, импровизатор, мастерство, наставничество, человечность, нравственность.*

*Today's demand is to study the work of the singer Botobai, which was not studied in the south-western region of Kyrgyzstan. The fact that Botobai is known not only as a famous singer of his time, but also as a thinker, endangered the talents of alcoholic tribes in the south of Kyrgyzstan during his career. It is the people, the people, who have preserved the works of their white-collar talents and passed them on to the present day. The article was about the Botobai singer, who found a place in the hearts of the people and lived in Karatash, Nookat.*

***Key words**: poet, telling, tale, improviser, mastery, tutorship, personality, moral*

Жакшы сөз, жакшы ыр турмуш менен катарлаш жүрүп өткөнгө, тарыхка айланат. Ал ырды жараткандардын өмүрү өз ырында уланат. Карапайым элдин эсинде, жадында жүрө берет, картайганды билбей.

Элибизде канчалаган жез таңдай ырчылар өткөн, алар ырдап жатканда тилинен бал тамып, угуучуларды, жалпы эле журтчулукту тамшандырган. Алар карапайым элден чыгып, элдин мүдөөсү, үмүт тилеги менен бирге жашаган. Ырчылардын ырларын эл жүрөгүнөн чыккандай, өз максатыдай ыйык туткан. Ырчы, акындардын ырларында биздин элдин басып өткөн жолу, тарыхы, жерибиздин табиятынын кайталангыс сулуулугу, улуулугу тоолордо аралап аккан ак көбүктүү дарыялардын жаңырыгы, кыргыз элесин берген жылкылардын дүбүртү, той-тамашалардагы кыз-келиндердин, жигиттердин шаңдуу оюну күлкүсү бар.

Кыргыз ырлары бир эле аймакта жер урууда ырдап жүрүп өмүр өткөрбөстөн, бүтүндөй кыргыз жерин, ал эмес кошуна өзбек, казак элдерин кыдырып ырдышкан.

Кыргыз элинин каада-салтында талантты сыйлоо элибиздин адаты болуп, барган жерде сагынып, кучак жайып тосуп алышкан. Эл менен ырчылардын ортосунда өтө жылуу сүйкүмдүү органикалык байланыш, бирдик болгон.

Бүгүнкү космостук кылымда туруп, мындан бир нече жыл мурда өткөн ырчылардын элесине кайрылып, алардын ырларынын бүгүнкү күндөгү турмушка да ылайыктуу экендиги жардамдуулугуна, качан болсо да жаңы бойдон турганда таң калбай коё албайсын.

Деген менен Кыргызстандын түштүгүндөгү ичкилик урууларынан чыккан не деген керемет таланттардын чыгармачылыгы мезгилинде изилдөө объектисине алынбай, кумга сиңген суудай жок болуп кетүү коркунучуна туштуккан. Эл деген, эл экен өзүнүн ак таңдай таланттарынын чыгармаларын жанында сактап, ооздон-оозго көчүрүп бүгүнкү күнгө жеткирген. Ошондой элдин жүрөгүнө түнөк таап, көпчүлүктүн жанында турган элдик талант Ноокаттын Караташында өмүр кечирген Ботобай ырчы жөнүндө азыркы муун эмес мурунку муун жакшы билет. Угушубузга караганда Ботобай ырчы катары да, адам катары да өз элинин күч кубатына таянган, элдин оюн урматтаган, элдин эмгегин балаган киши болуптур. Кары жаш дебей урмат менен карап, айтар жылуу сөзү болгон. Улуу уулу Малике карата:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«Атаң төө өлсө тайлак бар,
Чому жерде калган жок.
Ботобай өлсө Малик бар,
Ыры жерде калган жок» [1], - деп бир жагы мураскору Малик менен сыймыктанса, экинчи жагы Маликтин элдик чыгармаларга, ырларга шыктуулугуна тымызын ыраазычылык менен белгилеп жарыя кылат.

Окумуштуу-адабиятчы А.Муратов: «…Ботобай көп белгилүү ырчылардын устаты болгон, ошол эле кезде өзү ырчылыктын сырларын устаттарынан, алардын ичинен Орозаалы дегенден үйрөнгөн. Аты уламышка айланган Орозаалы Кокон ортосунун ырчысы болгон, анын ырын Кудаярхан өзү ырдап уккан, ошол шартта устаты Меке Мединага барып, ажылык парзын аткарып да келген. Ботобай болсо анын кызматында он үч жыл жүрүп, ак батасын алган. Анны менен кадимки Барпы апыз, Бала ырчы, Сыдык, Ташмат, Абдымомун, Колдош, Арзыбай деген ырчылар үзөңгүлөш жүргөн» [2], - деп Ботобайдын ырчылар дүйнөсү жөнүндө маалымат берет.

Мезгилдинде кыргызга белгилүү, тамсилчи сабаттуу акын Тоголок Молдо:
Анжыяндын Куршабда,
Ботобай деген бар экен.
Акын экен шул тапта,
Акындыгы мыкты экен,
Айткан сөзү чыкты экен [3], - деп баа бериптир.

Жыйналган архивде материалдарда Ботобай ырчынын туулган жылы жөнүндө бир топ кайчы пикирлер, чаташуулар байкалат.

«Ботобай (1861-1944) - акын. Ал Кыргызстандын түштүк өрөөнүнө, Өзбекстандын көп жерлерине таанымал болгон. Орозаалы аттуу чоң акындын шакирти», - деген мүнөздөмө «Кыргыз адабияты» деген энциклопедияда берилген [4].

Ботобай ырчы тууралуу «Кыргыз адабиятынын тарыхы» деген 7 томдукка мындай түшүнүк киргизилген:

«Ботобай Жунусов 1861-жылы Өзбекстандын Кожоабад районундагы Каныябостон деген кыштакта жарды адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайыны атасы өлүк жетим калып, турмуштун айынан апасын ээрчип Ноокаттын Караташ деген жеринде таякелерине келет» [5].

Ботобай ырчынын баласы Малик аксакал «…Биз булакбашынын этегиндеги үчдөбөлүк Бостон болобуз. О вакта мен тогуз жашта эдем, жергиликтүү бийликтегилер атамды өлтүрөбүз дешет, бардык үй-мүлктү таштап ушул жерге качып келебиз. Бул жерде отуруп калганыбыз тага журт болот. Өзү жетим калып, катынды 30 жашында алган экен. Биз отуздагы баласы экенбиз. Ошондо атам азыркы эсепте 1866-жылы туулган болот, 1944-жылы 78 жашында өлгөн, мен урушта эдем.

1905-жылы Мойдунбек маңа ырдабайт деп атамды өлтүрмөкчү болот, ошондо атам менен бирге баарыбыз качып келгенбиз. Анда Калмат ажы деген тугандарыбыз бар эде, Мойдунбек ошону бала-чакасы менен атып таштайт. Анан буйрук берет: «Тез Ботобайды таап келгиле», - деп. Атам болсо Өзгөн жакка бир кишиге ырчы болуп жүрүп кетет. Мойдунга мени алып барышат. Мен тогуз жашта элем. Мойдунбек мени көрүп туруп «бул балага убал, койо бергиле, Ботобайды мен өзүм таап алам», - деп мени бошотуп коёт.

Атам жетим жүрүп арка жакта Чыбыр деген болуштун эшигинде ырчы болуп жүрөт, бул жакка 30 жашында келет, энебизди алат. Мойдунбектен коркуп ырдабай, бекинип жүрөт, тынчып калганын сезген Мойдунбек атамды чакыртып алып, жарашышат, анан Мойдунбекти атам ырдап жүрөт» [6].

Фольклор жыйноочу К.Мифтаковдун жыйнаган материалдарында: «Ботобай акын, (1870-1945-жж.) укмуштуу акын. Ноокатта совет ырларын баштап ырдоочу», - деп белгиленген [7].

Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын кол жазмалар фондунун № (380)169 делосунда: «… Ботобай акын 1870-жылы тулуп, 1946-жылы Бешбадам селсоветиндеги Калинин колхозунун Каңды кыштагында ааламдан өткөн», - деп белгилениптир [8].

Кызылкыя шаарынын тургуну Ботобай ырчынын кенже уулу, мурдагы шахтер Ботобаев Абдыкайым аксакал атасынын туулган, дүйнөдөн өткөн жылдары боюнча мындайча токтоолорду берди:

«…Караташка адамдар качып келгенде Малик акам 9 жашта экен, бул 1905-жыл экендиги анык. Атам Малик акамдан 30 жаш улуу болгон, атам өзү дагы отузундагы Малик дегенин укканмын. Малик акамдын туулган жылы 1896-жыл эле, ошондо атамдын туулган жылы 1866-жыл экендиги анык. Ал эми дүйнөдөн өткөндө Малик акам урушта жүргөн».

Маликов Мадамин, кесиби мугалим, жогорку билимдүү, 1931-жылы туулган, Калинин кыштагында жашаган, Ботобай ырчынын небереси: «…Мен чоң атам Ботобай ырчыны жакшы билемин. Менин атам Малик Ботобайдын улуу баласы эле. Атам Малик 1942-жылы күзүндө согушка кеткен. Чоң атам Ботобай эки жылдан кийин өрүк бышып калган маалда дүйнөдөн кайткан. Демек чоң атам Ботобай 1944-жылы дүйнөдөн кайткандыгы анык [9]».

Биз Ботобай Жунусовдун туулган жана дүйнөдөн кайткан жылдары боюнча акындын уулдары Малик, Абдыганы, Абдукайым, Мадамин аксакалдардын маалыматтарына таянып, алардын баяндамаларына ишенебмз.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ботобай Жунусов 1866-жылы Өзбекстандын Кожоабад районундагы Каныя бостон деген кыштагында жарды адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Жунус кыргыздын Ичкилик урууларынын Жоокесек, Бостон урууларынан болгон. Арлар үч ага-ини болуп, турмуштун запкысынан үч жерде жашап калышат. Бирөө Өзбекстандын Кожоабад районундагы Үчтөбө, Каниябостондо, Булакбашы деп да коюшат, экинчиси Өзгөндүн Куршабында, Жалалабад, Базаркоргон тарапта көп жүрүп калышынын себеби да мына ушул тууганчылык маселесинен келип чыгат.

Ошол мезгилдеги сур заман Ботобай ырчынын үй-бүлөсүнө да катуу залакасын тийгизип, атасы Жунус киши колдуу болуп жарык дүйнө менен кош айтышат. Душмандардын сүрүнөн, айбатынан корккон жесир эне, күйөөсүнүн сөөгүн жерге жапшырууну да туугандарына таштап, баласын алып түн жамынып Ноокатка, Караташка төркүндөрүнө баса берген. Бирок тага журтундагы турмуш дагы аббат болуп кетпейт, эки жылча туруп туулган жери Каниябостонго көчөт. Балалык кези ушул чөлкөмдө өтүп, турмуштун татаал сыноолорун башынан кечирет. Элдик жомокторго, ырларга, макал-лакаптарга ышкыбоз бала Ботобайдын жүрөгүнө энесинин айткандары уюй берет. Дастияр болуп калган мезгилде ай-тойлордон ырчылардын, өлөңчүлөрдүн чыгармачылыгы кызыктырып, турмуштун көйгөйлөрү Ботобайды ырдата баштайт, бул мезгилде ырчы он үч жашка чыгып калган эле.

Атасынын талантына тан берген уулу Малик аксакал: «…Атамдын акыл кушуна кудай аян кылып, шондон атам ырчы болуп кетет. О киши ырдаганда токтолбой ырдайт эле. Адамды ырдап жатып эле, атты, идти ырдап жиберчү. Бары бири-бири менен куюлушуп өз ордунан чыкчу», – деп ырларынын өзгөчөлүгүн, талантынын курчтугун белгилейт [10].

Ар бир ырчынын өзүнө жараша үлүшү, калтырган изи, өз орду болот. Элибизде канга сиңген жагымдуу ырларды ооздон аңыз кылып айтуу нечетен келе жаткан ата салтыбыз. Ботобай ырчынын ырларынын көпчүлүгү дээрлик ооздон оозго көчүп ооз эки жашаган. Революциядан кийинки мезгилде азыноолак ырлары жазылып алынганы менен кай берлери ооз эки жашап келе жатат. Ботобай өз заманындагы ыр менен Кудаярхандын купулуна толуп, Кокон хандыгынын ордосунда бир нече жыл ырчылык кылган атактуу Орозалы акынга шакирт болуп, анын кызматын кылып он үч жыл ээрчип жүрөт.

Ботобай ырчы мезгилинде Фергана өрөөнүндө, Кыргызстандын көпчүлүк жерлерине таанып ырчы болгон. Ал ырчы катары карапайып элдин мүдөөсүн көздөп, турмуш чындыгында сын көз менен карай алган.

Анжияндын Кожоабад, Канябостонунан чыккан Сабыр, Самат аттуу корбашылар, Жаңыбай аттуу паңсат Ботобайга каршылашып өлтүрмөкчү болгондо бар малүмүлкүн таштап балдарын алып, Караташка тага журтуна качып кетет.

Ботобай ырчынын үй-бүлөлүк маалымат боюнча ырчынын кенже уулу Абдыкайым аксакал мына буларды айтып берди:

«…Ботобайдын эки аялы болгон, улуу аялы Токто эне эрди катын кылган да аял, эрди кара жер кылган да аял дегендей эле аялдык кадыр-баркы бар, ырчынын чыгармачылыгын бийик койгон аял болуптур. Андан Абдумалик, Жибек, Раат аттуу эки кыз, бир уулдуу болуптур. Абдумалик жаштайынан эле ыр-күүгө шыктуу болуп, ырчынын тукумун улантар көпчүлүктүн көңүлүн алган, өтө жөндөмдүү киши болуптур. Уулум жалгыз болуп калды буга жөлөктаянар болор эркек бала керек деп Токто эне Жээнгүл аттуу он үч жашар кызга жучу түшүп, өзү алып берет. Бул мезгилде Ботобай 60 жашта таяп калган мезгили болот. Жээнгүл энеден Абдыганы, Абдыкайым деген эки уулдуу болот.

Токто эне Ботобай ырчынын экинчи аялынан Абдыганы төрөлгөндө бешик жасап, өз колу менен күйөөсүн башка үйгө бөлүп, салт менен узаткан [11]».

Ботобай өз мезгилинде көп жерлерди кыдырып, кыргыз, өзбек элдеринин арасында болгон тойлорго атайын чакыртылып тойдун ажарын ачып, элдин руханий байлыгына азык болор бай материалы бар белгилүү акын болгон. Өзүнө шакирт күтүп, пикирлеш кишилердин катары көбөйтүп, ырчылыктын жөнжайын үйрөткөн. Ботобай ырчынын эң жакын шакирттеринин бири Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) мындайча баяндайт:

«… Мен 3 жашымда атадан, 9 жашымда энеден ажырап томолой жетим калгамын. Атабыз бир, энебиз башка агайындын колунда калып кордукту аябай тарткамын. Ар кимдин малын бактырчу. Өзүмчө күнгүрөнүп ырдай берчүмүн. Булакбашы деген жерде Абдубайит жездебиз турчу. Менин кыйналганымды угуп, мени Булакбашыга алып кеткен. Мени Калмат дегенге жылына 19 сом берсин деп малайлыкка берген. Ырчылыгым билинип калгандан кийин Курбанбай дегендин тоюна алып барат да мени ырдатышат. Ошондо 16 жашта болчумун. Биринчи ырдаганым ошол. Бары жабыла бата беришти. Ошол эле күнү кечинде ал кезде белгилүү ырчы Ботобай жездемдин үйүнө келет». «Ушул баланы мага бергиле боло тургандай көрүнөт» деп сурап мени атына учкаштырып алып кетет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ботобай ат даярдап берди. Кийим кече кийгизди. Куду баласындай ээрчитип жүрдү. Мен Ботобайдын кызматын кылып жүрдүм. эки жылга 40 сомдон төлөдү. Үчүнчү жылы 55 сом төлөдү Төртүнчү жылы жылдыгына 90 сом төдөдү. Ошентип 4 жыл жүрдүм. анан батасын берип ырдап тапкан акчаны тең бөлүп алмай болдук. Ботобай ырчы менен туура 21 жыл бирге ырдашып жүрдүк. ботобайды эл ырчы да акын деп атай берчү.

Мен ботобай ырчыга баргандан кийин киши катарына кошулгандай болдум. Жасантып, түзөнтүп дегендей эл арасына ээрчитип жүрдү [12].

Акындын замандаштарыны бир Ноокаттык элдик ырчы Козукулов Таштемир: «Ботобай чоң акын эле динди көп ырдаган диний маалыматы да болгон. Кийин басмачыларды ээрчиген» – деп өз көз карашын билдирген [13].

Ал эми акындын небереси Маликов Мадамин агай «Чоң атам куранды 30 параны таң атканча ырдап койчу экен. Устазы Мадумар деген улама дамла болгон» – деп Ботобай ырчынын ислам дининен дагы терең маалыматы бар экендиги жөнүндө атасынан уккандарын баян этет [14].

1936-жылы республиканын борборунда өткөн эл чыгармачылыгынын республикалык олимпиадасына катышкан. 1937-жылы анын «Күлүк аттын сыры», «Терме», «Сүйүү», «Ленин тууралуу» деген ырлары жазылып алынган. Кийинчерээк, тактап айтканда, 1947-жылы Төлөйкөндүн «Кудайберди ырчы менен Ботобай ырчынын айтышы», «Ботобай менен майкөтөндүн айтышы», «ботобай акындын санаты», 1975-жылы «Ботобай менен Сыдыктын айтышы», «Ботобай менен Сыдыктын терме айтышы», «Ботобайдын ак тайы: алым сабак айтышы» жазылып алынып, республикалык кол жазмалар фондуна өткөрүлгөн, ал азыркы күндө да сакталып турат. 2007-жылдын июнь айында БатМУнун алдындагы КГПИнин кыргыз-өзбек филологиялары факультетинин студенттеринин фольклордук практикасында, студенттер эл арасында тарабынан «Сүйүү ырлары», «Ашыктык», «Термелер», «Жакшы аял, жаман аял», «Азимбайга мактоо ыр», «Азимбайдын байбичеси», «Согуш жөнүндө ыр» деген ырлары өзүнчө китеп болуп чыгуу мүнкүнчүлүгүн болуп турат.

Жогорудагы белгиленген Ботобай ырчы жөнүндөгү маалыматтар кол жазма фондуна жыйналган материалдар боюнча гана алынды. Эл арасынан Ботобай ырчы жөнүндөгү өмүр баяндык чыгармачылыгына жана түрдүү айтыш, терме, санат, сүйүү, турмуш жөнүндөгү ырларын жыйноо жана жарыялоо жумушу абалыбызда турат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз УИА кол жазма фонду инв 653.
2. Муратов А. «Басмачылар» багын байлаган Ботобай ырчы // Адабий Алатоо, №1, 2006.
3. кыргыз адабиятынын тарыхы 7 томдук А.Акматалиевдин жалпы редакциясынын астында 5 том. - Б.: «Шам», 2002.
4. Кыргыз адабияты: Энциклопедиялык окуу куралы. – Б.: мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.– 2004. 102-б
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы 7 томдук, 5 том. Б.: «Шам» 2002. 322-б.
6. Кыргыз УИА Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук кол жазмалар фонду, инв №612 жазып алган Ж.Таштемиров.
7. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №169
8. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №(380) 169
9. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №653
10. Өзүбүз жыйнаган материалдардан.
11. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №612
12. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №345,308,289
13. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №653
14. Кыргыз УИА кол жазмалар фонду инв №644, 5282.
15. Көлбаева М.К., Исмаилова Ж.Б. Из истории изучения творчества поэтов. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 6. С. 270-272.
16. Көлбаева М.К., Исмаилова Ж.Б. Акындар чыгармачылыгынын изилдөө тарыхынан. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2013. №. 6. С. 258-260